УДК 332.368

А.Д. Эгембердиева - б.и.к. доцент, ЖАМУ
К. Камчыбекова - окутуучу ассистент, ЖАМУ

СУМСАР ДАРЫЯСЫНЫН УЧУРДАГЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Илимий макалада Чаткал районунун Сумсар дарыясынын учурдагы экологиялык проблемалары боюнча жүргүзүлгөн мониторинг жыйынтыгы берилди.

Негизги сөздөр: Таштанды бар жерлер, радиация, зыяндуу металлдар, булгануу

А.Д. Эгембердиева – к. б.н, доцент, ЖАМУ
К. Камчыбекова – преподаватель ассистент, ЖАМУ

ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ РЕКИ СУМСАР В ДАННОЕ ВРЕМЯ

В статье представлены результаты проведенного экологического мониторинга, посвященного современным экологическим проблемам Чаткалского района реки Сумсар.

Ключевые слова. Хвостохранилища, радиация, вредные металлы, загрязнения

A.D. Egemberdieva - Candidate of biological sciences, Associate professor, JASU
K. Kamchybekova -teacher assistant, JASU

ENVIRONMENTAL PROBLEMS OF THE SUMSAR RIVER IN THIS TIME

In clause the results of the carried out (spent) ecological monitoring devoted to modern ecological problems Chatcal of area of the river Sumsar are submitted.

Keywords: Tailings, radiation, harmful metals, pollution

Азыркы учурда адамдын табигый процесстерге кийлигишүүсүнүн зыяндуу натыйжаларына каршы күрөшүүнүн рационалдуу ыкмаларынын бүтүндөй комплекси түзүлгөн. Кыртыш алдындагы туз жана шлактар сакталуучу жерлердеги сууларды коргоо үчүн туз өткөрбөөчү экрандар (тосмолор) – түзүлүүдө. Мисалы, полиэтилендик пленканын жана өндүрүштүк таштандылардын негизинде комбинирленген тосмолор өзүнүн жакшы жагын көрсөттү. Таштандылар сакталган жерлердин көпчүлүгү өтө оор абалда. Радиоактивдүү таштандылар, оор металлдар жана уулуу заттар курчап турган чөйрөгө таралууда жана жер алдындагы сууларды, атмосфераны, топуракты булгоодо. Сумсар дарыясын бойлой жайгашкан оор металдардын калдыктары сакталуучу аймактардын абалы азыркы күндө глобалдык маселе болуп саналат. Учурда республикада Өкмөттүк масштабда проблемаларды чечүү жөнүндө иш аракеттер жасалып жаткандыгы жөнүндө бир нече массалык маалыматтарда берилүүдө. Бирок бул регионду баса белгилөөчү иш-чара жүргүзүлгөн эмес.

Адамдын ден соолугуна өмүрүнө коркунуч туудурган бул таштанды заттар адамдын радиоактивдүү нурдануусуна анын натыйжасында түрдүү айыкпас ооруларга дуушар болушуна алып келет [1,3].

Чаткал району Жалал-Абад областынын батыш бөлүгүндө жайгашкан. Райондун түндүк тарабы Таласс кырка тоолору менен, батыш тарабы Пскем тоо кыркалары менен, түштүк чыгыш тарабы Чаткал кырка тоолору менен чектешет. Райондун негизги аянты деңиз деңгээлинен 1500-4503м чейинки бийиктикти түзгөн тоо кыркалары түзөт. Бул райондун 96% тоолуу болуп, 4%ти гана

адырлуу релефти түзөт. Сел, жер көчкүлөр тынымсыз болуп турат. Дарыя жээктериндеги жер көчкүлөр Чаткал, Сумсар, Терек-Сай, Касан-Сай дарыяларында үзгүлтүксүз болуп, райондун тургундарына бир топ кыйынчылыктарды жаратат.

Санитардык-эпидемологиялык кызматтын маалыматтарына караганда Сумсар дарыясынын суусуда марганец 9 эсе, кадмий 320 эсе нормадан жогору кармалгандыгы белгилешет. Ошондуктан,учурдагы жаңы кен байлыктарды казуу иштери менен иштеген чет элдик инвесторлордун иши жергиликтүү калкты тынчыздандырат [2].

Сумсар, Шекафтарда союз мезгилинде көптөгөн мамлекеттер менен биргеликте иштетилген уран комбинаты иштеп чыккан продукциядан калган зыяндуу радиоактивдүү таштандылар хвостохранилища жана отвалдарга жайгаштырылган.

Хвостохранилищалардагы таштандылардын жалпы көлөмү 2650 миң куб метрди түзөт. Алар I-II коркунучтагы категорияларга кирет. Хвостохранилщалардын № 1, 2, 3 жер көчкү жүрө турган участкаларда Сумсар дарясынын жээгинде жайгашкан. Жаан – чачын менен жуулган уулуу заттар б.а. оор металлдар Сумсар дарыясына түшүп, Өзбекстанга чейин барат. Бул хвостохранилищаларда сууну тосуучу гидротехникалык коруктардын абалы өтө начар. №2 хвостохранилищаны тепчип аккан суу түз эле Сумсар дарыясына куят.

Негизги булгоочу оор металлдарга: коргошум, цинк, кадмий, сурьма кирет. №1 хвостохранищанын төмөнкү бөлүгүндө ичилүүчү сууну чогултуучу корук жайгашкан, ал сууну Сумсар айылы, Шекафтар кичи шаары ж.б. айылдардын тургундары турмуш тиричилигинде кеңири пайдаланышат.

Сумсар дарыясы коркунуч абалында турат, суунун жээгинде жайгашкан, хвостохранилиша, отвалдардан сыркып аккан жаан – чачындын суулары сууну жана топуракты булгап жаткандыгын белгилөөгө болот. Бул Сумсар айылынын тургандарынын ден соолугуна түз таасирин тийгизет, түрдүү ооруулардын көбөйүшүнө алып келет.

Антропогендик кыйроо же топурактын деградацияланууусу адамдын чарбалык иш-аракетиндеги жаңылыштардын натыйжасында келип чыгууда. Бул кубулуштар топурактын үстүнкү түшүм берүүчү горизонтунун физикалык жактан жок болуп кетүүсүнө, анын уулуу заттары менен булануусунан, ошондон улам тез эле топурактын түшүмдүүлүгү, азайып айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнүн төмөндөшү менен байкалат.

Сумсар, Шекафтарда канчалаган гектар жерлерге таштанды заттар сакталгандыгына карабастан ал жерлер тосмолор менен тосулган эмес, жергиликтүү калк малдарына жайыт катарында пайдаланышат. Жашоо турак жайларын салып жашап жаткандары да бар (сүрөт 1). Шахтанын иши токтогондон кийин жергиликтүү калк аны бузуп, курулуш материалдары катары пайдаланышып келишет.

Бул таштанды сакталган жерде шахтанын материалдарын алып сатуу менен Сумсар, Шекафтар айылынын кээ бир тургундары өз тиричилигин өткөрөт. Аны менен катар өз ден соолугун тообокелге коюшат.

1-сүрөт. Радиоактивдүү таштандылар көмүлгөн участкалардын айланасына салынган үйлөр

2- сүрөт. № 1-хвостохранилиша

№1 хвостохранилища (2-сүрөт) жогорку адырлардан агып түшкөн жаан-чачындын сууларын тосуп калгандыктан жергиликтүү бийлик аны ачып Сумсар дарыясына агып түшкөндөй шарт түзүшкөн. Бирок проблема чечилди деп айтканга болбойт. Хвостохранилищадан сыркып аккан суу Сумсар дарыясына куят. Бул жерге хвостохранилищаны айланып өткөндөй бетондолгон кичи канал куруу керек.

3-сүрөт. Радиоактивдщщ таштандылар сакталган участок

Радиоактивдүү таштандылар сакталган участкаларда (сщрёт 3) жергиликтүү тургундар өз тиричилигин өткөрүп келишет. Күндөн күнгө оор металлдар жана уулуу заттар курчап турган чөйрөгө таралып, суу, жер ресурстарына зыян келтирип жатат.

Таштанды заттар сакталган жерлерге атайын адам баласына коркунучтуу экендигин белгилеген белгилерди кою керек.

Курчап турган чөйрөнү антропогендик булгоо бул калктын ден соолугунун баскычын аныктоодо башкы фактор болуп эсептелет. Чөйрөнү булгоо жаратылыш факторлорунун таасир этүү эффектисин өзгөртөт аны менен кошо калктын ден соолугуна да таасирин тийгизбей койбойт [2,3].

Жыйынтыктоо:

Сумсардагы таштандылардын көпчүлүгү өтө оор абалда, радиоактивдүү таштандылар, оор металлдар жана уулуу заттар курчап турган чөйрөгө таралууда жана системалык түрдө жердин үстүндөгү жана алдындагы сууларды, атмосфераны жана топуракты булгоодо. Бул аймактагы глобалдык маселе болуп саналат.

Суунун, топурактын булганышы Сумсар, Шекафтардын тургандарынын ден соолугуна, сууда жашоочу жаныбарларга, өсүмдүктөргө терс таасирин тийгизбей койбойт. Мындай булгануу кошуна мамлекет Өзбекстандын тургундарына да бир топ проблемаларды жаратат.

Суунун, топурактын химиялык, физикалык сапатын аныктоо менен өсүмдүктөрдүн жана сууда жашаган жаныбарларга да экологиялык, биологиялык мониторинг жүргүзүү зарыл.

Радиоактивдүү таштандылар, оор металлдар жана уулуу заттар сакталган жайларды жергиликтүү тургундардын пайдаланышына чек коюу керек.

Табигый ресурстарды адамдар пайдалануда аң - сезимдүү пайдаланышын башкача айтканда жогорку билимдүүлүккө ээ болушун камсыз кылуу керек (жергиликтүү газета, журнал, массалык маалыматтар аркылуу) .

Адабияттар:

1. **Айтматов, И.Т.,** Торгоев И.А., Алёшин Ю.Г.Геоэкологические проблемы вгорнопромышленном комплексе Кыргызстана – Наука и новые технологии. №1 [Текст] / И.Т. Айтматов // Б.-1997. – с. 129 – 137.
1. **Кошоев,М.К.** Опасные природные явления Кыргызстана. [Текст] / М.К. Кошоев // Б.-Илим, 1996.- 126 с.
2. **Жакыпбекова, А.Т.** «Оценка радио – экологического состояния хвостохранилищ и отвалов Кыргызстана п.г.т. Шекафтар и Сумсар» [Текст] / А.Т. Жакыпбекова// Ош,ОшГУ, 2003